Кара-Дөбө негизги мектеби

# ӨРТТӨН САКТАН.

# Кара-Дөбө негизги мектебинин 2021-2022 окуу жылында

## “Жаш өрт өчүргүчтөрдүн” планы

| № | Аткарыла турган иштер | мөөнөтү | Омуржанов Турат |
|---|---|---|---|
| 1 | Командага ат коюу | 29.09 2021ж | |
| 2 | Команданы окуучулар менен тааныштыруу.<br>3-4 класс диспут сабагын өтүү | 04..2021ж | |
| 3 | 6-7 өрткө каршы капитан шайлоо | 25.10.2021ж | |
| 4 | Конкурс уюштуруу 3-7 класстар | 30.10.2021ж | |
| 5 | Спорттук мелдеш<br>8-9кл 5-7 кл | 16.10.2021ж | |
| | | | |

Мектеп директору Кулсариева А.Э.

БЕКИТЕМИН

Мектеп директору ________Кулсариева А.Э.

"_5_" ___09___2022ж

# Кара-Дөбө негизги мектебинин Коопсуздук кеңеши боюнча иш планы .2021-2022-окуу жылы

| к/р № | Аткарылуучу иштер | Жооптуу |
|---|---|---|
| 1 | 2021-2022- окуу жылына карата кырсыктарды алдын алуу боюнча коопсуздук кеңеши түзүлүп,иш планды бекитүү | Тарбия завуч ӨмүржановТ.К. |
| 2 | Ар кандай коопсуздук жаралган учурда мпектепте " атайын билдирүү"(Узакка созулган билдирүү) | Дежурный мугалим |
| 3 | Коопсуздук болгон учурда "101","103","112" номерлерине чалып ,жогорку органдарга кабар берүү | Дежурный мугалим Мектеп администрациясы |
| 4 | Мектептин ыктыярдуу тобунун иш аракетин тез арада координациялоо | Дежурный мугалим Мектеп администрациясы |
| 5 | Мектептин иш кагаздарын жана балуу инвентарларды эшикке алып чыгуу | Мектеп администрациясы Завхоз |
| 6 | Эвакуация боюнча 2-этаждарды көзөмөлдөө, башталгыч класстарга жардам көрсөтүү | Дежур мугалим Мугалимдер |
| 7 | Эвакуация боюнча 1-этаждарды көзөмөлдөө, бардык окуучулардын коопсуз жайга чыгышын көзөмөлдөө | Дежурный мугалим Мугалимдер Дене тарбия мугалими |
| 8 | Окуучулардын баардыгын эшикке чыгуусун көзөмөлдөп, алардын санын тактап ,коопсуз жерге жайгаштыруу | Дежур мугалим Мектеп администрациясы Мугалимдер |
| 9 | Абалы коопсуздук жараткан балдарга тез жардам көрсөтүү | "103" жардам берүү тобу |

## *ӨРТ УЧУРАНДАГЫ АРАКЕТТЕР:*

1. Өрт жөнүндө үн чыгаруучу сигналдар менен кабарлоо.
2. Өрт жөнүндө 101 телефону боюнча кабарлоо.
3. Адамдарды сактап, биринчи жардамдарды көрсөтүү.
4. Колдо болгон каражаттар менен өрттү очүрүүгө киришүү.
5. Материалдык баалуулуктарды жана жаныбарларды эвакуациялоо.

## ӨРТТҮ ӨЧҮРҮҮНҮН ЫКМАЛАРЫ:

1. Күйүп жаткан эмеректерди жана буюмдарды суу төгүү менен.
2. Жерге төгүлүп күйүп жаткан суюктуктарда кум же топурак менен.
3. Жалындап күйүп жаткан буюмдарды жууркан-төшөк менен, бышык кездеме менен жаап салуу менен.

# ӨРТТҮН ЧЫГУУ СЕБЕПТЕРИ:

1. Электр приборлорунун чукул туташуусунан жана кароосуз калышынан.
2. Жылытуу приборлорунан.
3. Чок (тамеки, ширеңке) түшүүдөн
4. Экскурсияда, талаада отту калтырып кетүүдон.
5. Балдардын ойногонунан.

# ӨРТ КООПСУЗДУГУНАН САКТАНУУ.

1. Өрт тилсиз жоо.
2. Жаңы жылдык елкада бенгал отун, хлопушканы, тарсылдак отторду колдонууга болбойт.
3. Жыгач үйдүн, кургак чөп, отундардын жанына от жагып ойноого болбойт.
4. Плитанын үстүнө кийим илүүгө болбойт.
5. Түтүн көп болгон мезгилде асты менен жөрмөлөп өтүү керек.
6. Электр тогу жана сайгыч жерлерине металл сайып ойнобо.
7. Ширенке жана газ күйгүзгүчтөрү менен ойнобо.
8. Утюгду, электр плитасын сайып унутуп койбо.
9. Өрт чыкканда биринчи суу чүпүрөк, же кум менен өчүрүү керек.
10. **01** телефонго чалуу керек.

# Мектепте коомдук пайдалуу эмгек кылып жаткан окуучуларды коргоо инструкциясы.

## Эмгек убагындагы коркунучтар:

1. Нормадан ашып кеткен оор жумуштарды жасоодо ар кандай оорулардын козголушу.
2. Эмгек куралдарын туура эмес колдонууда травмалардын (кокустуктун) болушу.
3. Топуракты тазалоодо ашыкча катуу нерселерден колдун жараат алышы.

## Жумушту баштоодон мурун:

1. Атайын берилген кийимдерди кийиш керек (халат, перчатки).
2. Жумушка керек болгон шаймандарды, куралдарды даярдоо, алардын ишке жарактуулугун текшерүү.

## Жумуш убагында:

Эмгек куралдары ( күрөк, айры, араа,ж.б.) менен иштеп жатып, өтө кылдаттык менен мамиле талап кылынат, иштеп жаткандар куралдарды бири-бирине ыргытып бербеш керек, учтуу курал болсо, аны өйдө каратып койбош керек, алардын учун жерди каратып горизонталдык абалда жаткырып коюу керек.

3. Уу-химикаттар менен окуучуларды иштетүүгө тыюу салынат.
4. Эгерде окуучу бир жерин кокустатып алса, класс жетекчисине же жакын турган мугалимге айтып, мектептин медициналык пунктуна жеткирүү керек.

## Жумушту аяктаганда:

1. Эмгек куралдарын тазалап, ордуна алып барып коюу керек.
2. Колду тазалап жууш керек.

# Өрт коопсуздук эрежелеринин инструкциясы.

1. Иш-чараларды жүргүзүүдө өрт коопсуздугунун эрежелерин сактоо үчүн класс жетекчи жоопкерчилик алат.

2. Жалпы мектептик массалык иш-чараларды жүргүзүүдө өрт коопсуздугунун эрежелерин сактоо менен бирге класс жетекчи, жоопкерчиликтеги мугалимдер жана администрация мүчөлөрү катышышы керек.

3. Мероприятия өтуп жаткан жерде эвакуация үчүн берилген ичке жолдор, сыртка чыгуучу жолдор, бош болушу керек.

4. Массалык мероприятиелер өткөн жердин сыртка чыгуу эшиктери кулпу менен же жана башка нерселер менен катуу бекитилбеши керек.

5. Мероприятие өткөн жерлерде өрттү пайда кылуучу жардыргыч, химиялык заттарды жана өрт алып келүүчү нерселерди пайдаланууга тыюу салынат.

6. Жаңы жылдык мероприятиелерде:

-Жарык берүүчү жогорку сапаттагы нерселер пайдаланылып, аларды электрик орнотушу керек.
- Ёлка болуп жаткан жерде бенгал отун, шам, хлопушка, петарда жана башкаларды колдонууга тыюу салынат.
-Өрт башталып жаткан жерде терезелерди ачууга болбойт, себеби аба өрттү андан ары дагы күчөтөт.
-Өрт башталса тез аранын ичинде 101 телефонуна чалып, окуучуларды эвакуациялоо керек.

# Мектепте массалык иш-чараларды өткөрүүдө окуучулар үчүн жүрүш-туруш эрежелери, өрт коопсуздугун сактоо жана , материалдык- техникалык базаны коргоо боюнча инструкция

1. Окуучулар болуп жаткан мероприятияга өз убагында келишип,андан өз убагында кетишет.
2. Мероприятие болуп жаткан жерлердин терезелерин уруксатсыз ачууга болбойт.
3. Кабинеттеги стол, отургучтарды биринин үстүнө бирин коюуга болбойт.Ашыкча стол, отургучтарды коридордун же башка кабинеттин бир четине тыкандап жыйнап коюу керек.
4. Мероприятие убагында окуучулардын себепсиз басып жүрүшүнө уруксат берилбейт.
5. Мектептин сырткы территориясында, ичинде тамеки чегүүгө, алкоголдук ичимдиктерди ичүүгө тыюу салынат.
6. Ата-энелердин келип катышына уруксат берилет.
7. Мектептеги, класстагы иш-чараларда мектепте окубаган, тааныш эмес адамдарга катышууга уруксат берилбейт.
8. Өрттү алып келүүчү ар кандай, электр тогу менен иштей турган нерселерди, химиялык жана башка заттарды пайдаланууга тыюу салынат.
9. Петарда, бенгал шамдарын пайдаланууга уруксат берилбейт.
10. Майрамдын ар бир катышуучусу мектептин мүлкүн (көрсөтмө): сактоого милдеттүү.

# Мугалимдин кызматтык инструкциясы.

1. Мугалимдин жумуш убактысы:
   1- сменада саат $7^{15}$- $13^{30}$ чейин
   2- сменада саат $12^{30}$- $18^{30}$ чейин.
2. Сабак башталаардын алдында:
   а). Расписаниени, дежурствону дагы бир жолу тактап карайт.
   б). Кабинетти ачып, анын сабакка даярдыгын (санитардык абалын, батарея, свет, кран, ж.б.) текшерет.
   в). Эгерде кабинет сабакка даяр эмес болсо (суу агып же свет жок) дежур мугалимге же администрацияга билдирет.
3. Сабакка кирүүгө коңгуроо
   а). биринчи коңгуроо болгондо окуучуларды кабинетке киргизип, экинчи коңгуроодо сабакты баштайт.
   б). Сабак учурунда мугалим окуучулар менен бирге кабинетте болот.
   в). Танапис учурунда окуучулар коридордо болушат, мугалим кабинеттин терезелерин ачып, желдетет.
   г). Мугалим өз убагында журналды усулканага алып келет.
4. Сабак бүткөндө:
   а). окуучуларды сыртка чыгарат.
   б). мугалимдин бардык сабактары бүтсө, кабинетти тазалатып, светтерди өчүрүп, кабинеттин эшигин бекитип,ачкычты усулканага алып барат.
   в). Дежур окуучулар кабинетти тазалап жатканда мугалим сөзсүз болушу керек.
5. Авариялык ситуацияда коопсуздуктун талаптары:
   а). сабакты токтотуу керек;
   б). мектептин администрациясына билдирет;
   в). керек болгон учурда врачка чейинки жардам көрсөтүү керек болсо, «тез жардамды» чакырат.